Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын Адвокаттар
кеңешинин чечими менен
бекитилген
2024-жылдын 5-мартындагы
протокол

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан**
**квалификациялык комиссиянын мүчөлөрүн –өкүлдөрүн**
**шайлоонун тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

1. Бул Жобо " Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кырыз Республикасынын мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) ченемдерине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-ноябрындагы № 241 токтому менен бекитилген "Адвокаттык иштин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Квалификациялык комиссия жөнүндө" жобого ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан квалификациялык комиссиянын мүчөлөрүн –өкүлдөрүн шайлоонун жана аларга коюлуучу талаптардын тартибин белгилейт.

2. Мыйзамдын 21-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдында 7 (жети) кишиден турган Квалификациялык комиссия ( мындан ары – Комиссия) түзүлөт.
Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:
5 (беш) жылдан кем эмес адвокаттык иш стажы бар адвокаттардын ичинен Адвокаттар кеңеши тарабынан көрсөтүлгөн Адвокатурадан 4 (төрт) өкул;
Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен 3 (үч) өкүл.

3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши 3 (үч) жылдык мөөнөт менен Адвокатурадан квалификациялык комиссиянын 4 мүчөсүн –өкүлүн шайлайт жана бекитет.

4. Жогорку юридикалык билимдүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уруксаттамасы бар, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын мүчөсү болуп саналган жана 5 жылдан кем эмес стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Комиссиянын мүчөсү болуп шайлана алат.

5. Квалификациялык комиссиянын мүчөлүк кызматына талапкерлер Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн сунуштамасы боюнча киргизилет.
Квалификациялык комиссиянын мүчөлүк кызматына талапкерлерди киргизүү жөнүндө сунуштамага төмөнкүлөр тиркелет:
- квалификациялык комиссиянын мүчөсү болууга макул экендиги жөнүндо талапкердин арызы;
- адвокаттык иш менен алектенүү укугуна уруксаттаманын көчүрмөсү;
- адвокаттынкүбөлүгүнүн көчүрмөсү;
- талапкердин таржымалы.

6. Адвокаттар кеңеши өз отурумунда ар бир талапкер боюнча талкуу жүргүзөт жана квалификациялык комиссиянын мүчөлүгүнө шайлоо үчүн талапкерди тандайт.

7. Адвокаттар кеңеши өз отурумунда ар бир талапкер боюнча ачык добуш өткөрөт жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан квалификациялык комиссиянын мүчөлөрүн – өкүлдөрүн шайлоо үчүн көпчүлүк добушту алган 3 талапкерди тандайт.

8. Адвокаттар кеңешинин төрагасы сөзсүз Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан квалификациялык комиссиянын мүчөсү – өкүлү болуп саналат, ага ушул Жобонун 5-пунктунун талаптары жайылтылбайт.

9. Эгерде талапкерге Адвокаттар кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көбү добуш берсе, ал Кыргыз Республикасынын Адвокаттар кеңешинен квалификациялык комиссиянын мүчөсү – өкүлү болуп шайланды деп эсептелет.

10. Эгерде бир же болбосо эки талапкер квлификациялык комиссиянын мүчөлүгүнө шайлоо үчүн добуш берүүдө добуштардын керектүү санын ала алышпаса, анда бош орундар ушул Жобонун 5-7-пункттарында каралган тартипте жаңы талапкерлерге берилет.

11. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан квалификациялык комиссиянын мүчөсүн – өкүлүн шайлоо Адвокаттар кеңешинин чечими менен таризделет, ал кабыл алынган күндөн тартып жети күндүк мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Адвокатура башкармалыгына, талапкерге жиберилет.

12. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан комиссиянын мүчөлөрү – өкүлдөрү квлификациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын

ишке ашырууда, ошондой эле адвокатуранын аброюн түшүрүүчү же көрсөтүлгөн өкүлдөрдүн объективдүүлүгүнө, адилеттүүлүгүнө жана калыстыгына шек келтирүүчү бардык нерселерден алыс болууга тийиш.

13. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан квалификациялык комиссиянын мүчөсүнүн – өкүлүнүн ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганда токтотулат.

14. Квлификациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү негиздер боюнча Адвокаттар кеңешинин чечими менен мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

а) квлификациялык комиссиянын мүчөсү ыйгарым укугун өзүнөн алып салуу жөнүндө квлификациялык комиссиянын мүчөсүнүн өздүк арызы;

б) квлификациялык комиссиянын мүчөсүн аракетке жөндөмдүү же болбосо аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таануу жөнүндө чечим мыйзамдуу күчүнө киргенде;

в) квлификациялык комиссиянын мүчөсү дүйнөдөн өткөндө же болбосо анын өлгөндүгүн жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

г) квлификациялык комиссиянын мүчөсүн кылмыш жасаганга күнөөлүү деп таануу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

д) ушул Жобонун ченемдерине ылайык Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешине берилген маалыматтардын ишенимдүү эместиги аныкталганда;

е) Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготуу;

ж) уруксаттаманы токтото туруу, токтотуу, уруксаттамадан ажыратуу;

з) квлификациялык комиссиянын мүчөсү Этика кодексин бузса Этика боюнча комиссиясынын чечиминин негизинде;

и) квлификациялык комиссиянын мүчөсүмилдеттерин системалуу түрдө аткарбаса Юстиция министрлигинин өтүнүчү боюнча;

15. Бул Жобо  Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин чечими менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.